УДК 37.013

Иманбакаева М.Г.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# ОКУУЧУНУН ӨЗДҮК САПАТТАРЫН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДИКАСЫ

*Макалада класс жетекчинин ишинде колдонулуучу окуучулардын өздүк сапаттарын изилдөөнүн жаңы методикалары берилген.*

Класс жетекчиге окуучунун өздүк сапаттарын, кызыгууларын, мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн, ички абалын изилдөө эң керектүү.

Мектеп окуучуларынын мүнөзүн изилдөөнүн негизи - байкоо жүргүзүү. Системалуу жана үзгүлтүксүз байкоонун негизинде мугалим баланын психологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө жыйынтык чыгаруу менен, андан ары толуктоого жана корректировкалоого мүмкүнчүлүк алат.

Балага билим берүүдө жана тарбиялоодо таасир тийгизүүчү – бул анын темпераменти жана мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү.

***Темперамент*** – индивиддин динамикалык өзгөчөлүктөрүнүн мүнөздөмөсү: интенсивдүүлүгү, ылдамдыгы, темпи, психикалык процесстердин жана абалдардын ритми. Традициялык типтер: сангвиник (күчтүү, тең салмактуу, кыймылдуу), флегматик (күчтүү, тең салмактуу, инерттүү), холерик (күчтүү, тен салмактуу эмес, кыймылдуу) жана меланхолик (күчсүз).

***Мүнөз*** – инсандын туруктуу, жеке жүрүш-турушунун өзгөчөлүктөрү. Мүнөз адамдын жашоосунун ар кыл жактарына карата аныкталат:

- башка адамдарга карата: өзүмчүлдүк-альтруистик,чындык-калп, ачыктык- түнт, башкаруу- баш ийүү ж.б.
- теңтуштарга карата: конфликттүүлүгү, ачыктыгы, макул болуусу, шектүүлүгү ж.б.
- чоңдорго карата;
- ишке карата: жоопкерчилик-жоопкерсиздик, эмгекти сүйүүсү, тырышчактыгы, максаттуулугу, өз алдынчалуулугу;
- өзүнө карата: өзүнө болгон сын көз караш, өзүн өзү сыйлоосу, өзүнө ишенбестиги;
- өздүк мүлккө карата: ач көздүк, үнөмүүлүк, тыкандык, тыкан эместик.

## *Диагностикалык методикалар*

Класс жетекчи окуучунун өздүк сапаттары жөнүндө кошумча маалыматтарды диагностикалык методдордун жардамы менен ала алат.

Класс жетекчи жыйынтыктарды анализдөөдө калыс жана так болсо, сунушталган методикалар жакшы жыйынтык бере алат. Сунушталган методикаларды колдонуу менен тарбиялоо процессин жалгыз балдарга гана кызыктуу кылбастан, алардын ата-энелерин, мектеп коллективин да жалпы ишке тарта алат.

### Менин турмушумдагы эсте калган даталар

Окуучуларга өз турмушундагы эс киргенден бери эсте калган даталарды, окуяларды жазуу сунушталат. Балдар төмөнкү таблицаны толтурушу керек:

| Жыл | Окуялар |
|---|---|
| | |

Бул методика класс жетекчиге окуучу үчүн баалуу болгон нерселерди, үй

бүлөнүн ички турмушу жөнүндөгү маалыматтарды алууга жана окуучунун ички дүйнөсүнө кирүүгө жардам берет.

### *«Мен»*

Окуучулар баракка он жолу «Мен» деп жазышыт жана ошол он «Мен» деген ат атоочту ачып, мүнөздөп жазуу сунушталат.

Андан кийин окучулар «Мен» деген он түшүнүктү өзү үчүн баалуулугун бөлүп карашы керек.

### Аягына чейин чыкпаган тезис

Окуучуларга сүйлөмдөрдү толук жазуу сунушталат. Каалоо боюнча ар бир тезисти андан ары улап, толуктап жазса болот.

1. Менин оюм боюнча, мен…
2. Менин турмушумдагы эң негизги нерсе бул –
3. Мага жакшы, качан гана …
4. Мага жаман, качан гана…
5. Мага жагат, качан гана чоңдор…
6. Мага жакпайт, качан гана чоңдор…
7. Мен бош убакта…
8. Менин жашоомдогу эң чоң кубаныч…
9. Менин эң чоң катам…
10. Кээде мен каалайм…

### Блиц-сурамжылоо

Окуучуларга бир мүнөттүн ичинде класс жетекчи тарабынан даярдалган суроолорго жооп берүү сунушталат. Ушул сыяктуу суроолорду окуучулар класс жетекчиге да беришсе болот.

1. Сүйүктүү ысым.
2. Жыл мезгилинин сүйүктүүсү.
3. Сүйүктүү түс.
4. Сүйүктүү китеп.
5. Сүйүктүү дарак.
6. Сүйүктүү гүл.
7. Сүйүктүү музыкалык группа.
8. Сүйүктүү ыр.
9. Сүйүктүү кийим - кече.
10. Сүйүктүү майрам.
11. Сүйүктүү музыкалык инструмент.
12. Сүйүктүү аткаруучу.
13. Сүйүктүү жаныбар.
14. Сүйгөн тамак.
15. Сүйүктүү ай.

### *Өзүн-өзү рекламалоо*

Окуучуларга конкурска катышуу үчүн өзү жөнүндө гезитке жарыя берүү сунушталат. Жарыяда бардык тышкы жана ички сапаттар конкурста жеңишке жетишүү үчүн ачылып берилиши керек. Негизги талап - ачыктык, обьективдүүлүк, сын көз караш.

### *Өзүн өзү өнүктүрүүгө болгон даярдык*

Окуучуга төмөндө келтирилген аныктоолордун ага тиешелүүсүн (+) же (-) белгиси менен аныктоо сунушталат:

1. Кээде мен өзүм жөнүндө көбүрөөк билгим келет.
2. Мен өзүмдү өзгөртүүнүн керектиги жок деп ойлойм.
3. Мен дайыма өз күчүмө ишенем.

4. Мен ойлогондун баары ордунан чыгат деп ойлойм.
5. Мен өз плюс жана минустарымды билүүгө каалоом жок.
6. Бир нерсени пландаштырууда мен көбүнчө өзүмө ишенбестен, жолум болоруна, ийгиликке ишенем.
7. Менин жакшы жана натыйжалуу окугум келет.
8. Мага бир нерсе жасоо керек болсо, мен өзүмдү мажбурлай алам.
9. Менин мүчүлүштөрүм көп нерсени билбегендигиме байланыштуу.
10. Менин сапаттарым жана мүмкүнчүлүктөрүм жөнүндөгү башкалардын ойлору мага кызыктуу.
11. Өзүмдү тарбиялоо мага оорго турат.
12. Кандай гана иште болбосун, мени каталар жана мүчүлүштөр коркутпайт.
13. Менин сапаттарым менен билгичтигим окуунун талаптарына жооп берет.
14. Ар кыл шарттар менден дайыма күчтүү.

Ар бир туура келген жооптордун суммасын ачкычтын жардамы менен санап чыккыла.

***Ачкыч:*** 1. (+), 2 (-), 3 (+), 4. (+), 5 (-), 6 ( -),7 (+), 8 (+), 9 (+), 10 (+), 11(-), 12 (+), 13 ( -), 14 (-).

***Жыйынтыгы:***

Өзүм жөнүндө билгим келет - 1,2,5,7,9,10,13 суроолордун баллдарынын суммасы.

Өзгөрө алам – 3,46, 8,11,12,14 суроолордун баллдарынын суммасы.

## ***Баяндамалар***

Класстын окуучуларына төмөнкү темаларга баяндама же эссе жазуу сунушталат:

- «Менин классымдагы досторум»;
- «Класстагы менин турмушум»;
- «Өзүмө кат»;
- Менин «каалайм», «жасай алам» жана «керектерим».

Эгерде окуучулар класс жетекчиге толугу менен ишенсе, анда алар өз жашоосундагы оор моменттерди көрүүгө жана жардам берүүгө мүмкүндүк беришет.

Баяндамалардын темалары традициялык болуп, окуучулар ар бир окуу жылынын башында мындай баяндамаларды жазышса болот. Бул класстын традициясына айланып, балдарды өзүнө тартышы мүмкүн. Ал эми өздүк изденүүлөрдүн жыйынтыгын бүтүрүү кечесинде чыгарып, ар бир окуучуга «архивдик материалдарды» кайрадан белекке берсе болот. Традициялык баяндамалардын темалары төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- Менин күз мезгилиндеги ой чабыттарым;
- Өзүмө 200…жылдан көз салам;
- 200..жыл. Менин чындыкты издөөлөрүм;
- Менин бийиктиктерим жана төмөн түшүүлөрүм.

## ***Өзү менен өзү талашуу***

Окуучуларга эки альтернативдик тезистерге болгон өз мамилесин билдирүү сунуш кылынат. Мындай тезистер окуучулар үчүн класс ичинде болуп жаткан ар кыл проблемалар жана конфликттүү кырдаалдарды анализдөө, ойлонуу иретинде сунуш кылынат.

1. Тартип – бул эркиндик.

Тартип – бул камак.

2. Турмушка китеп эмес, тажрыйба даярдайт.
   Турмушка тажрыйба эмес, китеп даярдайт.
3. Куш сыяктуу жеңил жашоо керек, эртеңки күндү санабай.
   Ар бир күнү  өзүңдү анализдеп жашоо керек.

### ***Аягына чыкпаган сүйлөмдөр***

Класстын окуучуларына төмөндөгү аягына чыкпай калган сүйлөмдөрдөгү ойлорду аягына чыгаруу сунушталат:

Жашоо  бул – …
Дос бул –…
Адам болуу  бул –
Эң жогорку кубаныч – бул –…
Эң чоң кайгы  бул…–
Өзүң жөнүндөгү эстелик  бул  –…
Өзүң жөнүндөгү жаман эс  бул –…
Турмуштагы эң негизги нерсе бул –…
Турмуштун майда нерселери  бул…–
Турмуштагы сүйүнүчтөр – бул…

### **Ассоциациялык катарлар**

Окуучуларга бир сөз менен байланыштуу ассоциацияларды пайда кылган түшүнүктөрдү, көрүнүштөрдү жазуу сунушталат. Балдар негизги сөз менен байланышкан 10-15 сөз жазышы керек.

Мисалы: сүйүү – сүйүнүч-ата энелер-биригүү-жылуулук-майрам-белек-сезим-баатырдык-карым-катнаш-эйфория-шакектер-балдар-жарык-романтика-кайгы-капа-жыргал.

### **Адабияттар:**


1. Абдулина О.А. Общепедагогическая подготовка учителя в системе высшего педагогического образования. - М.: Просвещение, 1999.
2. Амонашвили Ш.А. Личностно-гуманная основа педагогического процесса. – М., 1990.
3. Ананьев Б.Г. Человек как предмет познания. - М., 1980.
4. Бескоровайная Л.С. Настольная книга классного руководителя. - Ростов-на-Дону, 2002.
5. Кулагина И. Ю. Возрастная психология развития ребенка от 0 до 17 лет. - М., 1996.
6. Станкин В.А. Профессиональные способности педагога. - М., 1998.
7. Методика воспитательной работы. /Под ред. Л.И. Рувинского. - М., 1989.
8. Фридман Л.М., Пушкина Т.А., Каплунович И.Я. Изучение личности учащихся в ученических коллективах. - М., 1988.
9. Щуркова Н.Е. Вы стали классным руководителем. - М., 1986.